УДК:01

Шакитов Ш.Ш.

Ж.А. Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту

# Т.КАСЫМОВДУН «ТООЛОРДО МЕНИН ЖҮРӨГҮМ» АТТУУ ЭСКЕРҮҮЛӨРҮНӨ КЫСКАЧА ПИКИР

Үч жылдын ичинде Т.Касымов жогоркудай поэтикалуу аталыштагы эки китеп чыгарды. Биринчиси 2008-ж.(591 б. же 38 б.т.), экинчиси 2010-ж (623 б. же 39 б.т., экөө биригип 77 басма табак) жарыяланды. Экөө тең Бишкектеги «Бийиктик» басмасынан жарык көрдү. Башкача айтканда, автор кыл аркандай толгонуп, чыгармачылыктын азабын тартып, орто эсеп менен күнүгө 3,3 бет эскерүү жазган; жүрөгүндө, башында күндөлүгүндө аздектеп, аземдеп сактап жүргөн көптөгөн курсташ, айылдаш, кызматташ, замандаш адамдардын, өткөн доорлордун акылмандардын сөздөрүн, толгон–токой фактыларды, цифраларды хронологиялык, логикалык системага келтирген, аларды айыл өкмөтүнүн, шаарлар, райондор, областтар, республикалык, ал гана эмес-дүйнөлүк деңгээлдеги расмий документтер жана архивдик материалдар менен жылчыксыз тастыктаган. Эскерүүлөр кызматтык жогорулоонун бай тажрыйбасы; турмуштун чордонунда, коллективдер менен элинин борборунда болуунун негизинде жазылган. Аларды жазууда автор байкоочулук, дедукция, индукция, тарыхый, логикалык, илимий, логикалык эксперименттерди жүргүзүү методдорун кеңири, ишенимдүү пайдаланган. Ал үчүн Т.Касымов көптү билиши зарыл эле. «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет». Азыркы билим, илим менен техникалык, маданий прогресстердин шартында көптү көргөндүк деле кандайдыр бир өлчөмдө жетишсиз болуп калгандай түрү байкалат.

Көптү көргөндүккө көп окугандык кошулса, теория менен практикалык чындык ишенимдүү айкалышат. Натыйжада, көп окуган адам көптү көргөндөн да көптү билет. Т.Касымов, биздин оюбузча, ошондой инсандардын катарын толуктайт. Себеби, ал эскерүүлөрүн жазууда адабият таануу, география, геодезия, логика, журналистика, микробиология, саясат таануу, социология, тарых, философия, фольклористика, химия, экология, экономиканын ж.б. негиздерин ишенимдүү пайдаланган жана аларга тиешелүү окуяларды өз-өз ордуна коюп, эскерүүлөрүнүн маңыз–маанисин ар тараптан ачкан. Эгерде кимдир бирөөлөр мындай корутундуларга макул болбосо, автордун эки китебин кунт коюу менен окуп чыкканы жөндүү болор эле. Ошондо деле мүдөөлөрү, көз караштары тар адамдар автор этияттык, устаттык менен кынап чыккан ойлорду ийине жеткире түшүнбөй калышы мүмкүн. Биз байкаган айрымдар Т.Касымовду негизинен, чарбакер, административдик–саясий кызматкер катары эсептешет. Мунусун эч ким талашпастыр. Бирок автор алардан алда канча жогору турат. Анткени ал – илимдин доктору, профессор; Москвадагы ветеринария академиясынын мүчө-корреспенденти; КРнын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер; мамлекеттик кызматтын биринчи класстагы кеңешчиси. Ошондуктан анын дүйнө таанымы салыштырмалуу бийик, кеңири; окуяларды, ар кандай мүнөздөгү адамдардын мамилесин, иштермандыгын жалпылоочу философиялык мааниге ээ; көркөм, ажайып дүйнөнүн кереметтерин эстетикалык түшүнүүдөн да алыс эмес. Иштин кызыкчылыгы менен жетекчи катары жайлоо, сырттарды, токой, тоолорду, аскалар, зоолорду, чокуларды кыдыргандагы репортаждары такшалган

журналисттердикинен ашса, ашат, бирок кем эмес. Каркыраны сүрөттөөсүнөн:

«…Алдыбызда ажайып дүйнө көрүнүп, кайда барсаң да көз тайгылткан көк шибер менен жыты аңкып, жан жыргаткан сан түркүн гүлдөр! Тоо арасындагы мынчалык кенен жерди мурда көрбөгөн жаным – башка дүйнөгө келип калгандай болдум. Капырай, эмне деген сулуулук! Өмүрүмдө биринчи жолу маралдарды көрүп, алардын турпатына суктанган элем. Көк деңиз сыяктуу мелмилдеген кең жайыктын бетиндеги ичке сабактуу жылдыз чөптөн баштап, көк чай, мамык чөп, кара кыяк, буудайык, мамыр (эдельвейс), тогуз дөбө, сөйкө чөп, бака жалбырак, кырк муун, тарак баш, тоо сагыз, согон, текей, жылтыр, бетеге, доңуз сырты, өгөй эне, жылкы теке, уй беде, адырашман, козу карын, ашкөк, чалкан, төө куйрук, жекен, кара буудай, шыпыргы сулу, айтор, санай берсе, сан жетпеген түркүн чөптүн түрлөрү тиреле өсүп, кичине эле жел жүрсө, деңиз толкунундай толкуп турганын көргөндө көңүл кушубуз көкөлөп, кубанычыбызды айтпаңыз!» (2-китеп, 146-б.). Мында 29 чөптүн аты аталды. Репортер үчүн бул аздык кылат. Эми Каркыранын гүлдөрүн Т.Касымов менен бирге териңиз.

«Каркыранын гүлдөрү да башкача болот экен. Сабактары узун гүлкайырлар апаппак гүлдөрүн жаңы эле ачса, топ-топ өскөн мандалактар кыпкызыл болуп алоолойт. Көз-көз болгон атыр гүлдөрүн жыпар жыты буркураса, өзгөчө кооз чеге гүл, сары байчечекей, чатырча гүл, жапайы эспарцет, жапайы апийим, алагүл, бүргөн, чачы гүл, уу коргошун, кымыздык, жылтыр гүл, көк базин, кундуз гүл, себет гүл, коңгуроо гүлдөрдүн сабактары ийилип, көз кумарын кандырат!» (147-б.).

Сиз губернатор менен бирге жүрүп, Каркыранын 23 гүлүнөн гүлдесте жасап алдыңыз. Мынча гүлдүн атын атап, бири биринен айырмалаганды айрым ботаниктер, журналисттер, малчылар деле билбесе керек…

Турмуш ак-карасыз өтпөйт экен. «Чоңдор жыргап эле жүрүшөт», - деп калышат. Андайлар турмуштун жарылган кабыктарын гана байкашат, өзөктөгү өрттү билишпейт.

1998-ж. июнда Тескей Ала–Тоо кыркасынын Кызыл-Суу тоосундагы 4480 м бийиктикте МИ-8 вертолету зоокага урунуп талкаланды. Андагы 16 электрик, 4 кишиден турган экипаждын денелери туш–тушка чачыраган. Алардын үзүлгөн, эзилген денелерин ак кар, көк муздуу, бийик, жалама зоолордон чогултууну Т.Касымов өзү уюштурду. 10 күндүк издөөнүн ичинде, башкаларын айтпай эле коёлу, Т.Касымов да ачуу, кекеткен, көкүткөн сөздөрдү укту. Айла канча – чыдады. Аварияга учураган вертолетту издөөгө жоголгондордун ата-энелери, ага-туугандарынан да катышты. Ушуга байланыштуу Т.Касымовдун репортажынан үзүндү:

- Бирок алардын бирде 4500-5000 м бийиктиктеги асман мелжиген, арсайган аска–зоолорун, бирде 5000-5500 м бийиктиктеги түбөлүк мөңгүлөрдүн үстүнөн учкан вертолеттун ичинде керээли кечке ары-бери, өйдө-төмөн чайпалып жүрө албастыктары белгилүү болуп, кийинки рейстер менен учуудан баш тартышты (311-б.). Ал эми Т.Касымовдун командасы издөөнү улантып, Сары–Жаз, Көөлүү, Эңилчек, Ак-Шыйрак ж.б. тоо кыркаларын аңтарып, КЭР менен чектеш Айран-Суу ашуусуна, Кеген районундагы Жаркулактын баш жагындагы бийиктиги 5000-5500 м. келген мөңгүгө чейин жок издешти. Акыры жоголгон вертолетту табышты.

Зоокага тийген вертолет быркырап, деталдарынын көпчүлүгү асканын арасындагы тик ылдый кеткен жаракалардын жана тээ 350-400м. төмөндө созулуп жаткан мөңгүнүн үстүнө чачырап кетиптир. Анын ичиндеги адамдардын

денелери да ар кайсы жакка учуптур. Айрымдары асканын жаракасына, бирөөсү ылдыйдагы мөңгүгө, дагы бирөөсүнүн денеси асты жагы типтик жар болгон бийик зоокананын урчугунда калыптыр, калгандарынын денелери учуп барып, аска-таштарга жанчылыптыр. Алардын көпчүлүгүнүн баштары үзүлүп, кулактары айрылып, ички органдары чубалган (319-б.). Мындай репортаждарды автор жыргаганынан эмес, адамдардын оор тагдырына эң жоопкерчиликтүү карагандыгынан жүрөгү титиреп жүрүп уюштурду.

Эскерүүлөрдө жүздөгөн адамдардын, адистердин ысымдары чагылыптыр. Аларга иштеген иштерине ылайык, кыскача штрихтер менен мүнөздөмө берилген, социалдык портреттери тартылган. Бирок эч бирине акарат келтирбегендиги автордун кадрларга, тагдырларга, элге, жерге карата калыс, аяр мамилесин, анын жогору маданияттуулугун көрсөтөт. Көлгө көптөгөндөр келип иштеп, ар кандай издерди калтырып кетишти. Антсе да Көлгө, көлдүктөргө бирдей баа бере алышпады (мисалы, сасыган көлүңө бутумду да салып койбойм; көлдүктөр орус болуп кетишкен деп, кесирленгендер, какшыктагандарды да көрүп, угуп калдык). Бул жагынан Т.Касымов кескин айырмаланды:

«Көлдүн элинин көлдөй терең пейилине, мээнеткечтигине, билимдүүлүгүнө, калкыбыз кылымдар бою кастарлап келген асыл сапаттарды жүрөк–жүлүнүнө чейин бекем сиңиргенине ынандым. Көл жергесине биринчи жетекчи болуп иштөө тагдырыма туш келгени мен үчүн сыймык жана сыноо болду деп эсептейм» (107-б.). Ооба, Т.Касымов Көлгө сыймык, сыноо менен келип, сыймыгына сыймык кошулуп, сыноодон эң мыкты өтүп, чоң ыраазычылык менен Чүйгө которулду.

«Бүткөн ишке сынчы көп». Биз «сыңар өтүктүү сынчы» болбой, жөн гана оюбуздун ток этер жерин, каалоолорубуздун айрымдарын ортого салалы.

Автор эскерүүлөрүн баштап, «чү!» дегенде эле кызматтан алынгандардын тизмесин сунуш кылган (5-б). Бул тизменин ордун китептин тиешелүү башка беттерине берсе болмок, же аны киргизбей койгондо деле чыгарманын мааниси бөксөрүп калбайт эле. Кыйкымдуулар ушундайдан кыйтыйып калышат -күнөөнү өздөрүнөн таппай, башкалардан издешет: «Тоо көрсө эле Тойчубек жол салам деп жулунат экен». Ушундай маанидеги сөздөрдүн автору ошол тизмедегилердин арасында.

Эскерүүлөрдүн 85-106-беттериндеги макала «Саруу айылындагы мечиттин ачылышы. Ислам дини жана Мухаммед пайгамбар жөнүндө». Биринчиден, мечиттин ачылышына болгону эки сүйлөм арналган (86-б.). Экинчиден, окурман айылдагы мечит ачылбаганда Ислам дини жана Мухаммед пайгамбар жөнүндө айтылбай калмак экен деген корутундуга келиши да ажеп эмес. Андан көрө Ислам, пайгамбар жөнүндө айтып келип, мечиттин ачылышын далил катары сунуш кылса, логикалык ырасттуулукка жатмак. Мында да Ислам жана пайгамбар эскерүүлөргө күч менен киргизилгендей сезим пайда кылат. Үчүнчүдөн, эскерүүлөр баштан аяк илимий чыгарма эместиги белгилүү. Ошондуктан анда талаш–тартыштарга, мүмкүн болушунча, жол бербөө керек. Тескерисинче, автор Ж.Б.Ламарк (1744-1829), Ч.Р.Дарвиндин (1809-1882) илимине шектениптир (91-93-б.). Коомдогу ар бир окуя, кубулуш, көрүнүштөргө тарыхый–конкреттүү мамиле зарыл экендиги азырынча илимден сүрүлүп чыгарылган жок. Илимий бул принциптен алганда, Ламарк менен Дарвиндин илимдери өз мезгили үчүн эң туура; алар азыр да илимдин тарыхы үчүн кызмат кылышууда. «Жаңы үйүңө кирбей туруп, эски үйүңдү бузбагын» дешет экен өзбек туугандар. Мында терең философия жатат. Дарвиндин илимин жокко чыгарсак, анын ордун алмаштыра

турган жаңы илим беришибиз керек. Андай илим азыр барбы? Грек мифтериндеги Зевс – кудайлар кеңешинин төрагасы – адамдар менен аралашып, Олимп тоосунда картошка сатып жүрөт имиш… Чыгармалары («Одиссея», «Илиада») чылк эле мифтерден түзүлгөн деп, Гомерди ким күнөөлөй алат? И.Ньютондун механика боюнча закондоруна азыркы илим канчалаган түзөтүүлөр киргизди. Анысына карабай, улуу физик илимдин генийи катары тарыхта кала берет.

Автор өзүбүздүн тарыхчыларды да бир аз жөөлөп өтүптүр:

- Азыр ар ким эле «тарыхчы» болуп, эч кандай тарыхый так далилсиз эле мындан бир канча миң жыл мурда «Кыргыз мамлекети болгон» дешип, өздөрүнүн жаңылыш ойлорун элге таңуулашып, ата –бабаларыбыздын байыркы кат – сабатсыз караңгы турмушун курулай мактаган жалган патриоттор жайылып кетти. Кайдан жүрүп биз 2000 жылдык же 3000-4000 жылдык тарыхыбыз бар деп мактанабыз? (245-б.). Кечээ эле айрым жетекчилер элибиздин тарыхы 1917-жылдан кийин башталгандыгын расмий түрдө бекемдеп, коомчулукту ишендиргиси келишкен. Көрсө, андай эмес экен. Белгилүү себептер менен ал мезгилде биз тарыхыбызга карата улуттук нигилизимдин алкагынан чыгалбай жүргөн экенбиз. Тарых да өсүп -өнүгүп туруучу илим. Илимге обңективдүү илимпоздой мамиле керек. Санжырачылар, бирин-экин фактыларды өздөштүрүп алып, «Улутманга» катышкандардын баары эле тарыхчылардын катарына кошулбаса керек. Ички, тышкы тарыхый процесстерди социалдык жактан талдоодо андай «тарыхчылар» генеалогия, геральдика, нумизматика, палеография, сфрагистика, топонимика, хронология, эпиграфиянын ж.б. жетишкендиктерин пайдаланат болду бекен? Адашкан «тарыхчылар» байыркы жана орто кылымдан азыркы мезгилдерге чейинки кыргыздардын тарыхына жана тилине байланыштуу афган, алтай, араб, венгер, византия, герман, грек, кытай, латын, монгол, ойрот, орус, түрк, фарсы, фин, француз ж.б. элдердеги, тилдердеги жана окумуштуулардагы маалыматтарга таянганды билишеби? Кыргыздар, Кыргызстан ушундай булактарга негиздеп, эң байыркы доордон азыркыга чейинки тарыхын жазды. Ошолорго таянып, мамлекеттүүлүгүнүн 2000 жылдыгын белгиледи. Андан кийин да жаңы фактылар табылып, изилденип, такталып, тарыхтын жаңы барактары жазылууда. Азырынча тарыхыбыздын 3000-4000 жылдыгын белгилөө кыялдануу же гипотеза деп коёлу. Анын келечеги кандай болот? Ага чейин өзүбүздү өзүбүз жемелебей, шилилебей, дооматтанбай чыдай турсак.

Эскерүүлөр эки бөлүмдүү. Экинчиси Чолпон–Ата–Алматы автожолунун курулушуна арналган (335-623-б.). Курулуш башталып, бүткөнчөктү Т.Касымов «Кылым жолуна» орто эсеп менен 140 жолу барды: тынчы жок түндөрдү, тынымсыз күндөрдү; табыйгый жана коомдук карама–каршылыктар менен тикеден–тике күрөшүүнү башынан өткөрдү, акыры аларды чыдамдуулук менен жеңип чыкты. Мында аны катардагы жөнөкөй адамдан ар кандай деңгээлдеги мамжетекчилер, кызматкерлер, адистер, кадрлар, эл колдоду. Чыгармачылыктын өкүлдөрү жолго арнап, көптөгөн макала, ыр, поэмалар, драма, музыка, фотолор, көркөм сүрөттөрдү, китебин арнашты; куттуктоолор, ийгиликтерди каалоолор, долбоорлор, эксперттик материалдар; моралдык, материалдык, финансылык колдоолор ж.б. Т.Касымовдун наамына дайыма келип турду.

Ушундай ар тараптуу жактыруулардан кийин:

- Жанымды оозума тиштеп жүрүп жол курдуртканымды кимдер билип, кимдер баалады дейсиң? Сөздүн чынын айтсам, эч ким! (539-б.).Минтип көңүл

чөгөткө барбаңыз, Тойчуке «Жалгыз дарак токой болбойт». Жолдун бүтүшүнө байланыштуу күжүрмөн жумушчулар, техниктер, адистер ж.б. мамсыйлыктарды алышмак эле. Бирок ал кездердеги саясий кырдаалдар, социалдык чыңалуулар көп жагынан жолтоо болду. Кимге таарынасыз – таарынчыны түшүнө тургандар, жакын адамдар деле бул заманда суюлуп бараткандай. Элдин эсиндесиз – андан артыгыраак сыйлык барбы? Жолго кабатыр болбоңуз. Келечектеги муундар Көк–Ойрокко, балким, тоннель курушат. Жол элдер үчүн кызмат кыларына ишенебиз.

Китепке 97 фото–сүрөт киргизилген, алардын элүү тогузу жолду чагылдырат. Ошол эле учурда ак чардактар, ак куулар, кемелер сүзгөн Ысык-Көл көрүнбөйт; санаторий, курорттор; спорт, искусствосунун атактуулары, эмгек сиңиргендер ж.б. байкалбайт.

Советтик доордо жарык көргөн китептердин ж.б. сөзсүз редакторлору жана корректорлору болор эле. Алар продукциясынын идеялык, көркөмдүк, стилдик, грамматикалык, котормолук, фразеологиялык, топонимикалык, ж.б. жактарына автор менен бирдей эле жооп берип, китептин сапатын жогорулатуучулардан болушкан. Азыр андай эмес – кээде редакторлорду, корректорлорду жөн эле «мода» үчүн тандашкандай түрү бар. Т.Касымовдун эскерүлөрүнүн биринчи китебинин корректору Ж.Теңирбергенова экинчисинде – редактор. Ага да дооматыбызды анча-мынча арталы: Мисалы, стилдик мүчүлүштөргө жол берген. 87-бетте «Ар бир урук же уруу» сүйлөмү аягына чыкпай калган; «областтык бириккен балдар ооруканасы» эмес (188.б.). –«балдардын областтык бириккен ооруканасы»; көрүнүктүү советтик, партиялык, коомдук ишмер (209-210–б.). – советтик, партиялык, коомдук көрүнүктүү ишмер; «коомдун курамында 6 саясий партия»...(240-б.). – саясий 6 партия ...; «мен үчүн дайынсыз жоголгон электриктерди табуудан маанилүү эч нерсе жок эле» (312-б.). – дайынсыз жоголгон электриктерди табуудан маанилүү мен үчүн эч нерсе жок эле; «жанына 16 жашка чыгып калган кызды ээрчитип» (313.б.). – 16 жашка чыгып калган кызды ээрчитип; «төрөлүшүндө эле ошондой экстрасенстик касиетке ээ болуп төрөлүшүп ...» (315-б.) –«төрөлүшүндө эле ошондой» - ашыкча сөздөр «Ушул каза болушкан 16 адамдын» (323-б.) – каза болгон 20 адамдын ... ж.б.

Кайталоолор да орун алган (308, 321, 326, 328, 337-беттер ж.б.). Төмөндө келтирилгендерди тактап койсо деле болмок:

- Ичке-Булуң айылы Ак-Суу районунда эмес – Жети-Өгүздө (323-б.);
- аялдар кеңешинин төрайымы Радига Калыкова (376-б.).

Биринчиден, Радига эмес – Рабига; экинчиден, Р.Калыкова обкомдун парткомиссиясынын төрайымынын милдетин аткарган.

«Менимче, Асангазы Асанбаевдин уйгу-туйгу сезимдери али басаңдай элек. Ошондуктан анын жакшы чыгармалары али алдыда» (616-б.). Эми маркумдан чыгарма күтө албайбыз – анын көз жумганына беш жылдай болду.

Кыргыз тилине өтө аяр мамиле жасоочу мезгилге келдик. Андыктан ар бир автордун, мүмкүн болушунча, кыргыз сөздөрүн кеңири пайдалануусу максатка ылайыктуу: «водород», «заседание», «служба», «состав» ж.б. сөздөрдүн котормосу тилибизде кездешет.

Жогоруда келтирилген майда-барат айрым мүчүлүштөр эскерүүлөрдүн мани-маңызын эч төмөндөтө албайт. Китептин тили бай, түшүнүктүү; фактылуу, аргументтүү. Эми Т.Касымовдун тоолордо жүргөн назик жүрөгү кең жайыкка түшүп келип, 3-китебин сунуштаса. Окурмандардын үмүт-тилеги ошондо турат. Китеп эмес, нечен ирет түйшөлүп, аны жараткан киши деле менменсингендерге,

кекирейгендерге, кайдыгерлерге, өзүнөн башканы адам катары баалабагандарга жакпачудай көрүнөт. Жактыргандардын колуна чыгарма тийип калса, алар жабыркап кетпесе керек.